***Калиев У. А. -*** *КМЮАнын*
*жазык укук кафедрасынын мугалими*
**УДК 343.57+351.761**

# БАШКАГА БЕРУУ МАКСАТЫН КӨЗДӨБӨСТӨН БАҢГИЛИК КАРАЖАТТАРДЫ ЖЕ ПСИХОТРОПТУК ЗАТТАРДЫ МЫЙЗАМСЫЗ ДАЯРДОО, САТЫП АЛУУ, САКТОО, ТАШУУ ЖЕ ЖӨНӨТУУ УЧУН ЖАЗЫК УКУКТУК ЖООПКЕРЧИЛИК

***Аннотация:*** *Бул макалада заманбап коомдогу эң көйгөйлуу маселелердин бири болгон бацги каражаттарынын жана психотроптук заттардын мыйзамсыз жугуртулушу, даярдалуусу, сакталуусу жана ташып жөнөтулушу боюнча маселелер көрсөтулду. Мындан тышкары баңги каражаттарынын жана психотроптук заттардын жаралышы, басып өткөн жолдору боюнча маалыматтар киргизилип, бул көйгөйлуу масе-лерди чечуу боюнча квптвгвн авторлордун ой-пикирлеринин аркасында сунуштар киргизилди.*

***Аннотация:*** *В этой статье рассматриваются одна из самых проблемных задач современного общества незаконный оборот, подготовка, хранение и перевозка наркотических и психотропных веществ. Кроме этого охвачены информации о появлении, истории наркотических и психотропных веществ и по решению этих проблем автором предложены множество предложений.*

***Annotation:*** *This article covers the problems of crime against the life and health committed for hooligan motivation. The article reflects the emergence of hooliganism concept in Criminal Code of the Kyrgyz Republic. The limitation of adjacent corpus delicti of crime against health for the hooligan motivation is also considered in the article. The practices of investigation in court are cited as an example.*

***Негизги сөздөр:*** *Баңгилик каражаттар, психотроптук заттар, даярдоо, сатып алуу, сактоо, ташуу, жөнөтуу, жазык укуктук жоопкерчилик.*
***Ключевые слова:*** *Наркотические вещества, психотропные вещества, подготовка, покупка, хранение, перевозка, отправка, уголовно-правовая ответственность.*
***Keywords:*** *Drugs, psychotropic substances, preparation, purchase, storage, transportation, shipping, criminal liability.*

Эгемендуу жаш мамлекетибиз мойнуна көптөгөн көйгөйлуу маселелерди илип алып XXI-кылымдын босогосун аттады. Көптөгөн кыйынчылыктарды башынан кечирип келген кыргыз элибиз мына минтип кабыргасы кайышып турган кези. Бул сай-сөөкту сыздатып жылдан жылга өөрчуп-өнугуп бара жаткан маселе бул, - жашоо-буздун келечеги болгон жаш муундарыбыз бацги каражаттарына белчесинен батып бараткандыгы болуп

отурат. Бул маселе бугунку кундө эң актуалдуу, эң көйгөйлуу маселе экендиги эч далилсиз эле баарыбызга айдан ачык белгилуу.

Жаш муундар келечек ээлери деп кээде отуруп массалык маалымат каражаттарынан же болбосо башка жерлерден угуп калабыз, ал эми, ошол келечек ээлери болгон жаш өспурумдөр кримчөйрөсунө кирип алышып баңги каражаттарын же психотроптук заттарды колдонушуп, жеке гана өздөру эмес аларды башкаларга да таратып, ташып, жөнөтуп, сактап жаткандары зээнди кейиткен ачуу чындык. Мына ошол жаш өспурумдөрдун кээбирлери ушундай жол менен жакшы жашоого жетем деп, өздөрун өздөру же болбосо бирөөлөрдун алдамчы сөздөруне ишенип алышып турмуштун агымы менен жетеленип кетип бара жатышса, кээбирлери болсо зордук-зомбулуктун, же болбосо материалдык жактан кыйналып, бутуна тура албай жаткан мамлекетибиздин азабынан, жетпеген көр оокаттын себебинен ушундай иштерге байланышып туңгуюкту көздөй бара жатышканы зээнди кейитпей койбойт.

Тилеке каршы, кыргыз жарандары, алардын ичинен өзгөчө көпчулугун тузгөн жаштар, жеке Кыргызстан гана эмес Жер шарынын баардык өлкөлөрундө баңги каражаттарына жана психотроптук заттарга көз карандуулук кун санап өсуп бара жатат. Миңдеген жылдарды койнуна камтып келген бул маселе азыркы учурда глобалдуу дуйнөлук көйгөйгө айланды. Ал учун территориялык, улуттук, диний, уруулук, жыныстык жана башка чек ара жок. Мына ушул маселе азыр дуйнөнун булуң бурчун аралап баардык элдерге орчундуу маселе болуп тургандыгы баарыбызга белгилуу. Ушул глобалдуу жана Жер шарына чоң коркунуч туудуруп жаткан маселе Бириккен Улуттар Уюмунун (БУУ), 1988-жылкы "Баңги каражаттарын жана психотроптук заттарды мыйзамсыз жугуртуугө каршы курөшу", Конвенциясында бацги каражаттары жана психотроптук зат-тардын мыйзамсыз жугуртулушу дуйнөнун жалпы элдеринин ден соолугуна жана бейпил жашоосуна кедергесин тийгизип, коомдун экономикалык, маданияттык жана саясий өнугушунө бөгөт коюп жатат деген тыянакка келишкен. Азыркы учурда баардык өлкөлөрдө бацгизат маселеси эң орчундуу болуп эсептелет жана буга эч далилдин кереги жок. Ал биринчи кезекте маданий, экономикалык, психологиялык жана биологиялык жактан адамзатын аксатып жатат, ал эми, мына ушул төрт факторсуз адамзаты ийгиликке жана бакубат жашоого жетиши эч мумкун эмес. Мисалы: баңги каражаттарына же психотроптук заттарга көз ка-ранды болуп калгандардын психологиясы, ой толгоосу узгултуккө учурап, бузулуп, маданият дегенден артта калып, же коомго жок дегенде жу-мушчу кучу болуп бере албай, экономикага кедергесин тийгизип, эң коркунучтуусу, алардын тукум улай алышпай калып жатышкандыгы, мына ошолордун айынан журт арасында оорукчан балдардын төрөлуп жатышкандыгы ачуу чындык [1].

Мына ушул көйгөй Жер шарынын баардык элдеринин бугунку куну эң актуалдуу, орчундуу, курч маселеси болуп тургандыгына далилдин деле зарылчылыгы жок.

Ал эми ушул иш-чаранын максаты болуп, бацги каражаттарынын жана психотроптук заттардын турлөрунө мунөздөмө беруу, ар кандай авторлордун жана башка маалымат булактарынын чыгармаларын салыштыруу менен бирге баңги каражаттарын жана психотроптук заттарды тереңирээк билуу. Мына ушул максатка жетиш учун иш-чарада төмөнку милдеттерди аткаруу зарыл:

*S* Баңги каражаттарынын жана психотроптук заттардын тушунуктөрун аныктоо;

*S* Кылмыш-жаза кодексинин 246-беренесине толук мунөздөмө беруу;

*S* Баңги каражаттарынын жана психотроптук заттардын басып өткөн жолдорун, алардын турлөрун аныктап билуу;

*S* Калк арасына көбурөөк тарап кеткен баңги каражаттарын жана психотроптук заттарды изилдөө;

*S* Баңги каражаттарды жана психотроптук заттарды адам баласынын ден соолугуна жана өмурунө канчалык децгээлде кедергесин тийгизээрин аныктоо;

*S* Баңги каражаттарын жана психотроптук заттарды улуттук жана эл аралык жөнгө салуу системасын изилдеп чыгуу;

*S* Башкага беруу максаты көздөлбөгөн (КР КЖК 246-беренеси), баңги каражаттары жана психотроптук заттар чөйрөсундөгу заманбап көйгөйлуу маселелерди кетеруп чыгуу жана кээ бир толуктоолорду сунуштоо;

Баңгилик каражаттар же психотроптук заттардын туп тамыры келип чыгышы тээ алыскы биринчи аң сезимдуу адам баласы пайда болгон мезгилге барып такалат. Алгачкы жамааттык коомдо адам баласы (ПАЗды) психоактивдуу заттарды тамак аш издөө процессинде табышкан деген жоромолдор бар. Убакыт өткөн сайын адам баласы өсумдуктөрдун турлөрун айрымалап, адамдын аң сезимин убактылуу өзгөртуучу өсумдуктөрду таап алышып, аларды колдоно башташкан. Жер шарынын ар кайсы аймактарында жайгашкан адамдар өздөрунө сыйкырдуу куч беруучу өсумдуктөрдун жалбырактарын, тамырларын колдоно башташкан. Көбунчө мындай өсумдуктөрду баардык эле элдер табияттан тышкаркы кучке ишенип, көбунчө шамандар бул өсумдуктөрду Жаратуучунун менчиги деп эсептешкен.

Кээ бир аска таштардагы чегилип тартылган сурөттөрду карасак эрте палэолит (б.з.ч. 40 - 10 миц жыл мурун), доорунда эле ушундай өсумдуктөрдун жардамы менен шамандар өздөрунун акыл-эстерин өзгөртуугө колдонушкандыгын билсе болот. Коомдун өнугушу менен бирге адам баласы жашоосу татаалдай баштаган мезгилде көпчулуктун арасында өзгөчө мааниге ээ болгон гана адамдар жана шамандар мындай сыйкырдуу өсумдуктөргө ишенуу менен аяр мамиле кылышкан жана алар гана колдонушуп, ал өсумдуктөрдөн баңги каражаттарынын жасалышын жана аны колдонууну көпчулуккө айтышчу эмес.

Бир канча миңдеген жылдар мурун жашап өткөн Шумер элине да составында баңгизаттары бар өсумдуктөр белгилуу болгон экен. Биз ошол Шумер элинен бизге мак жана апийим (опиум) жөнундөгу биринчи

маалыматтар калган деген маалыматтарды илимий изилдөөчүлөр айтып жатышат.

Байыркы Кытайда гашиш ар кандай ич ооруларга, жөтөлгө каршы дары - дармек катары колдонулган экен. Археологиялык изилдөөлөргө

таянсак, биздин эрага чейинки көптөгөн убакыт мурун эле элдер пиво, винонун жана башка составында алкогол бар ичимдиктердин жазалыш жолдорун билишкендиги маалым. Вино Байыркы Рим менен Байыркы Грециянын кунумдук турмушунда көп колдонулчу экен. Мына ушул элдерде да баңги каражаттары медицина тармагында кенен колдонулчу экени белгилуу. "Апийим" (опиум) деген сөздун өзу мына ушул грек маданиятынан келип чыгып, "опос" - "шире" (сок) дегенди тушундурөт экени белгилуу. Апийим - (гр. опион-апийим ширеси) - өсумдук тегиндеги, апийим алколоиди бар, кучтуу жан жыргатуучу таасир беруучу касиетке ээ жана тез арада психикалык жана ал-кучтук көз карандылыкка алып келуучу бацги заты. Апийим бышып жетиле элек апий-им баштарына салынган тиликтерден (апийим сутунун абада кургап калган ширеси) сызылып чыгуучу апийим гулунун ширеси. Чокмороктошкон жана бир өңчөй ачык курөң тустөгу нерсе. Анын курамында 20га жакын алколоиддер, анын ичинде морфин, кодеин, папаверин болот. Абдан кучтуу бацгизаттардын катарына кирет.

Байыркы Римдин медицинасында да "апийим" каражаты кенен колдонулчу экен. Бекеринен "наркотикос" деген сөздун автору Рим дарыгери Кладвий Гален (б. з. 129 - 201- жылы) тарабынан чыкпаса керек.

Мына ошентип абдан тездик менен журуп отуруп XX - кылымда баңги каражаттарына жана психотроптук заттарга болгон көз карандуулук маселеси дуйнөнун баардык булуц бурчун ээлеп жатып калды [2].

Баңги каражаттарынын, психотроптук заттардын жана прекурсорлордун аныктамалары. Баңги каражаттары (бацгизаттар) - борбордук нерв тутумуна өзгөчө таасир этуучу (козутуучу, делөөрутуучу, эзуучу, ээликтируучу) жана тийиштуу Эл-аралык конвенцияларда ошондой касиетке эгедер заттарга кошулган жана Кыргыз Республикасында көзөмөлгө алууга жаткан баңги заттардын, психотроптук заттардын жана прекурсорлордун улуттук тизмесине киргизилген өсумдук же синтетикалык өнумдөгу заттар, дары-дармектер, өсумдуктер. Табигый баңги каражаттарына: апийим, индия, туштук Манжурия, туштук Чуй кара куурайлары кирет. Синтетикалык баңги заттарга: курамында баңги каражаттары бар медициналык дары-дармектер кирет.

Психотроптук каражаттар (заттар) (гр. phyche- жан жана tropos - кайрылыш, багыт) - адамдын борбордук нерв тутумуна дем бере турган же кедерин кетире турган табигый жана жасалма заттар. Ал эларалык конвенциялардын тийешелуу тизмесине киргизилген (Психотроптук заттар боюнча 1971-жылкы Женева конвенциясы, Баңгизаттар менен психотроптук заттардый мыйзамсыз таркатылуусуна каршы курөшуу боюнча БУУнун 1988-жылкы конвенциясы). Психотроптук заттардын тиешелуу Улуттук тизмеси Кыргыз Республикасынын Өкмөту тарабынан бекитилет.

Прекурсорлор - Кыргыз Республикасында кеземелге алынууга жаткан жана бацги каражат-тарынын жана психотроптук заттардын, алар-дын прекурсорлорунун тизмесине киргизилген, бацгикаражаттарын жана психотроптук заттарды ендурууде, даярдоодо жана кайра иштетууде кол-донулуучу, эларалык конвенцияларда химиялык материалдар катары жиктештирилген заттар жана алардын туздары. Аларга: кукурт, туз, уксуз жана лизергиндик кычкылдыктар, ацетон, этил эфири, толуол жана башкалар кирет. Прекурсорлорду өндуруунун жана мыйзамдуу жугуртуунун белгиленген эрежелерин бузуу Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза мыйзамдары боюнча жоопкерчилик тартууга кириптер кылат.

Психоактивуу заттарга азыркы учурда ар кандай сындар, ой-пикирлер жаралып, кептеген эрежелерди жана аныктамаларды берип жатышат. Мисалы: кыргызстдык авторлор В. А. Ли жана К. В. Лилер психоактивдуу заттарга төмөнкучө аныктама берип жатышат: "ПАЗ - бул, адамдын психикалык жөнгө салуусун өзгөртуугө дуушар кылуучу зат", ал эми интернет сайт "Глоссарий. Ru." "ПАЗ - бул, адам баласы аны колдонгондон кийин адамдын нерв системасыга таасир этуусунун аркасында анын психикасына (аң-сезимине) өзгөруулөрду алып келуучу зат", деген аныктамаларды берет. Интернет ресурс "Википедия" ПАЗга төмөнку аныктаманы берет, "ПАЗ- бул, колдонгондон кийин адамдын психикалык абалын өзгөртуп, борбордук нерв системасына таасир беруучу табигый же жасалма (же аралашма) турундөгу баардык химиялык кошулмалар". Медицина илиминин доктору, профессор А. И. Головко психоактивдуу заттарды - чогултулма аныктама деп тушунөт. Ал эми юридикалык илимдин доктору, профессор, генерал - лейтенант Ногойбаев Б. Б. агайыбыз, "ПАЗ - бул, колдонуу-дан соц адам баласынын борбордук нерв системасынын жөндөмдуулугунө кыйла өзгөруулөрду алып келуучу жана психикалык ишмердигине (кыймыл - аракетине) таасирин тийгизуучу табигый же жасалма жол менен алынган препараттар" - деген аныктаманы берет.

Баардык эле психоактивдуу заттарды баңги каражаттары же психотроптук заттар деп бир беткей тыянак чыгаруу туура эмес., себеби ПАЗга теменку уч критерийге жооп берген гана заттарды киргизсе болот деген жыйынтыкка юридикалык илимдин доктору, профессор Ногойбаев Б. Б. келген:

*S* Медициналык-колдонуудан кийин адам баласы психологиялык жана физиологиялык жактан көз каранды болушуп калышы;

*S* Социалдык-колдонуудан кийин адам баласы коомго терс таасир беруусун жаратуучу зат ;

*S* Юридикалык-бул заттар эл аралык жана улуттук тизмеге кирген каражаттар же заттар;

Эл арасына көбурөөк тарап кеткен бацги каражаттары же психотроптук заттар жана алардын улуттук контролго алынган тизмелери.

1. Табигый жол менен жаралган баңгизаттары [3].

Опиоиддер (опиялык мак, мак саманы, мак саманынын концентраттары, мак саманынын кайнатмалары ("кокнар"), опий (апийим),

ацети-лироваланган опий (апийим)). Булардын этимологиясы "опиум" (апийим) сөзу. Мактын мекени болуп Кичи Азия эсептелет. Апийим деген сөз грек тилинен келип чыккан жана которгондо "шире" (сок) дегенди билдирет.

Апийим - (гр. опион-апийим ширеси) -өсумдук тегиндеги, апийим алколоиди бар, кучтуу жан жыргатуучу таасир беруучу касиетке ээ жана тез арада психикалык жана ал-кучтук көз карандылыкка алып келуучу баңги заты. Апийим бышып жетиле элек апийим баштарына салынган тиликтерден (апийим сутунун абада кургап калган ширеси) сызылып чыгуучу апийим гулунун ширеси. Чокмороктошкон жана бир өңчөй ачык курөң тустөгу нерсе. Анын курамында 20га жакын алколоиддер, анын ичинде морфин, кодеин, папаверин болот. Абдан кучтуу баңгизаттардын катарына кирет.

Марихуана (көкнаар)-тамыры менен сөңгөгунөн ажыратылган, бирок чайыры калган, иштетилген же атайын иштетуудөн өткөн (майдаланган, калбырланган, ныкталган ж.б.у.с.-майдалоо деңгээлине жана турунө (кукум, такта,таякча ж.б.) карабастан) кендир өсумдуктөрдун уругунан башка бардык бөлугу [4].

Мак ширеси Библияда да алгачкы еврей тилинде белгиленген. Библиянын көптөгөн жеринен "рщш" деген сөзду кезиктирсе болот, бул сез "баш" дегенди билдирет, ушул учурда эле "баш" деген сезду мактын башы деп уйкаштырса болот, себеби, "мерщш" деген сез "шире башы" дегенди тушундурет.

Адам баласынын кишини мац кылуучу заттар менен таанышуусу анын кокустан өсумдуктун отко жагылган тутунунөн келип чыккан деген божомолдор бар. Бул, б. з. ч. V - кылымда скиф элинин турмуш тиричилигин (Каспий деңизинин тундук жээги) айтып жатып Геродот мындай деген экен; "Алар бактын тегерегине отурушуп, ортодо куйуп жаткан отко кандайдыр бир өсумдуктун мөмөлөрун ыргытышкан жана анын тутунунө, эллиндер виного мас болгон сыяктуу мас болушкан" - деген.

Илгертен бери адам баласына мактан баңги, эс алдыруучу жана аралашма (снотворный) турлөру белгилуу. Миной маданиятында мактын башы белгиленген. Мисалы: б.з.ч. III - кылымда мактын уч башы тартылган таажычалар. Мындан тышкары Байыркы Грек маданиятынын мифтеринде да мактын баштары оору, кыйынчылык жана капаны жеңуучу символ катары белгилешкен.

Баңги дары-дармек каражаттары - 1961-жылкы баңги каражаттары жөнундөгу Бирдиктуу конвенцияга жана КР мыйзамдарына ылайык тузулуучу жана жаңыртылып туруучу баңги каражаттарынын тизмесине киргизилген, психикалык жана дене-бойлук багынычкылыкты пайда кылуучу дары-дармек каражаттары.

Баңги каражаттарга жана психотроптук заттарга эл аралык квота - баңги каражаттарына жана психотроптук заттарга эл аралык квота -1961-жылдагы тузулгөн Баңгизаттар жөнундөгу биргелешкен конвенциянын жана 1971-жылдагы Психотроптук заттар жөнундөгу конвенциянын катышуучулары учун БУУнун Бацгизаттарга көзөмөл жургузуу боюнча

эларалык комитети тарабынан жыл сайын ушул өлкөлөрдүн өкмөттөру берген аларга керектөөлөрдун эсебинин негизинде бекитиле турган баңгикаражаттар, психотроптук заттар жана прекурсорлордун ченеми.

Баңги каражаттарды жана психотроптук заттарды даярдоо - баңгикаражаттарынын, психотроптук заттардын же алардын аралашмасынан турган каражаттардын негизинде баңги каражаттарынын, психотроптук заттардын же аларды камтыган дары-дармек каражаттарынын колдонууга даяр турлөру алынуучу аракет [5].

Баңги каражаттарын, психотроптук заттарды жана прекурсорлорду мыйзамсыз жугуртуу - баңги каражаттарын, психотроптук заттарды жана прекурсорлорду жугуртуу чөйрөсундө КР мыйзамдарын бузуу менен ишке ашырылган ишкердуулуктун туру.

Баңги каражаттарын, психотроптук заттарды кайра иштетуу - натыйжада актала (башка аралашмалардан тазалана) турган, дары-дармектеги бацги каражаттары менен психотроптук заттардын топтолушу жогорулай турган, ошондой эле анын негизинде баңги каражаттары менен психотроптук зат болуп саналбаган заттар алына турган иш-аракет.

Баңги каражаттарын же психотроптук заттарды мыйзамсыз колдонуу - баңги каражаттарын же психотроптук заттарды дабагердин улуксаты жок колдонуу.

Баңгибизнес - кылмыш иштеринин абдан коркунучтуу турлөрунун бири, эларалык жана улуттук укук ченемдеринде тыюу салынган: баңги заттарын ондуруу, сактоо, ташуу же сатуу жосундарынын жыйындысы.

Баңгизат каражаттарын жугуртуу (психотроптук заттар) - мамлекеттик органдар тарабынан улуксат берилген менчиктин баардык турундөгу уюмдардын баңги, психотроптук жана прекурсорлорду иштеп чыгууга, өндуруугө, даярдоого, кайра иштетуугө, сактоого, ташууга, жөнөтууге, чыгарууга, сатууга, бөлуштуруугө, сатып алууга, колдонууга, КР бажы аймагына ташып кируугө жана ташып чыгууга байланыштуу иш-аракеттери.

Баңгикаражаттарга жана психотроптук заттарга эларалык квота – баңги каражаттарына жана психотроптук заттарга эларалык квота -1961-жылдагы тузулген Бацгизаттар женундегу биргелешкен конвенциянын жана 1971-жылдагы Психотроптук заттар жөнундөгу конвенциянын катышуучулары учун БУУнун Баңгизаттарга көзөмөл жургузуу боюнча эларалык комитети тарабынан жыл сайын ушул өлкөлөрдун өкмөттөру берген аларга керектөөлөрдун эсебинин негизинде бекитиле турган баңги каражаттар, психотроптук заттар жана прекурсорлордун ченеми.

Башкага беруу максатын көздөбөстөн баңги каражаттарынын жана психотроптук заттардын мыйзамсыз жугуртулушу төмөнку жыйынтык-тарга алып келди.

Баңги каражаттарынын жана психотроптук заттардын бугунку кундун эң көйгөйлуу маселеси экендиги жана ушул маселе жеке гана Кыргызстанды гана эмес Жер шарынын баардык элдерин ойлондуруп тургандыгы, бул заттардын абдан тез арада тарап, баңги заттарына көз каранды болгон адамдардын кун санап өсуп бараткандыгы, дуйнөдөгу баңги заттарына көз

каранды болуп калган адамдардын өлуп-жок болууларынын көбөйушу, бацги заттарынын турлөрунун өсушу, ушул заттардын аркасында ар-кандай оорулардын көбөйушу аркасында глобалдуу көйгөйгө айлангандыгы ззэнди кейиткен ачуу чындык. Бул то-зок айлампасына көбунчө келечек ээлери болгон жаштар чалдыгып жаткандыгы абдан өкунучтуу.

Баңгичилик чөйрөнун көпчулук пайызын тузгөн жаштарды эле бир тараптуу кунөөлуу деген - бул, жаңылыштык деп ойлойм. Себеби, "Улуу кеч кайда баштаса, кийинки кеч анын жолун улайт", - деген сөз бар эмеспи эл арасында. Анысы кандай, мына ошол кийинки кеч кылып жаткан азыркы терс көрунуштөр улуулардын жетекчилиги менен, же болбосо улуулардын буйругу менен, кээ бирлериники көр оокаттын жетишпеге-нинен келип чыгып жатат. Дагы башка себептердин бири, жашы жетиле элек жаш өспурумдөрдун психологиялык жактан карап көрсөк алардын дуйнө таанымы толук өөрчуп бутө элек, айлана - чөйрөгө болгон көз карашы, ою системалык турдө башкача. Мисалы: жаштардын ой - пикири боюнча, алардын кыялында бардыгы болбосо да көпчулугу эл арасында таанымал, белгилуу, салмагы жогору, бардык башкалар анын жанында кичине жана баш ийип турушса деп кыялданышат. Ал эми ошол даражага жетуунун жалгыз жолу, бул, теңтуштарынын арасында өзгөчөлөнуу, спорттун ар кандай турлөру менен машыгуунун аркасында аларга устемдук кылуу, басынтуу же болбосо дагы бир терс кыял - жоруктар менен жогорулоо деп ойлонушаарына кумөн жок.

Себеп дегенде, мен да кечээ эле мектеп окуучусу болчумун, ошол кезде мен эркин курөш аттуу спорттун туру менен машыкчымын. Ошол кезде өзумдун классташ, теңтуш жана курбуларымды теңиме албай алардан өзгөчөлөнуп улуураак балдар менен суйлөшуп, машыгып калган кездер болгон. Мен ошондо ушундай жол менен ийгиликке жетем деп ойлочумун, 14 -15 жаштарымда ар тараптан (улуулар тараптан) ар кандай тамеки, насвай, спирт ичимдиктери сыяктуу сунуштар көбөйө баштаган. Ошол маалда мага ал көрунуш туурадай эле көрунчу, мен да чоңдордой болуп көрунгум келип, ушундай кылсам теңтуштарымдын арасында кадыр баркым жогорулайт деп ойлочумун. Кыскасын айтканда, крим чөйрө - бул, жогоруга көтөрулуунун жалгыз жолу экенин ар кандай батыштын бизге жомоктой сезилген фантастикалуу теле беруулөрунун аркасы менен ушинтип ойлочумун. Бактыма жараша ата - энемдин, бир туугандарымдын жана эже -агайлардын тарбиясынын жардамы менен туура жана туз жол кайсы жакта экенин, кара жол менен ак жолдун айрымасын уйрөндум. Ошол кездеги уйрөткөн адамдардын акыл - насааттары менин жашоомо чоң бурулуш жасап, туура багыт бергенине кумөнум жок.

Мына ушу сыяктуу эле ар бир жаш өспурумдөр ойлонушат болуш керек деген ойдомун. Себеби, бацги заттары же психотроптук каражаттар булар адамды тируулей көргө салат экендигин, адамдык сапаттарын кетирип, айбан сыяктуу кылып коерун. Жеке өзун гана азапка салбастан, баардык жакындарын да тозокко суйрөп бараарын жана ушул жолдун айланып барып туңгуюкка такалаарын же болбосо кырчындай болгон жандарын кумга суу куйгандай соруп кетээрин, баңги каражаттары бугунку кундун эң

коркунучтуу балээси экендигин жана бул балээге кирип алсаң жашоо-нун нормалдуулугун бузаарын, адамды ар кандай ооруларга чалдыктырып, же болбосо башка коомго терс көрунуштөрду жана мамилелерди кылды-раарын, бул балээ башында жакшы керунуп, анан акырындап өзунө көз каранды кылып, акырындап жетелеп отуруп жашоосун тозокко айланды-раарын билишпейт да.

Мындан тышкары, бул оорунун дагы бир өзгөчөлугу, ооруга чалдыккан адам жеке дене -бою гана ооруга чалдыкпастан, эң өкунучтуусу анын эс - акылы, мээси да ооруга чалдыгат жана ушул оору өмур бою анын эсинде калат. Бул жагынан алып караганда, мурда баңгизаттарына көз каранды адам канча убакыт баңгизаттарын колдонгонду тыштап койбосун, "бир эле жолу колдонуп көрөм" деген чечим чыгарса, анда ал адам сөссуз кайрадан мурдагы өткөргөн тозок айлампасын дагы бир ирет басып келуусуне дуушар болот. Ошол себептен нарколог - дарыгерлер мындай ооруга чалдыккан адамдарды толук дарылап айыктырам жана бул адам бацгизатын экинчи колдонбойт деп кепилдик бере алышпайт. Алар болгону гана ооруга чалдыккандарды бул оорудан убактылуу токтото алабыз жана бул убакыт канчага созулаары белгисиз дешет.

Баңги заттарына көз карандуулуктун эң коркунучтуусу көз каранды болуп калган адамдар же болбосо алардын жакын адамдары, уй - булөөсу б.а. "кошо ооругандар" бацгизатын колдонгон адамды мунун баары убактылуу, жен эле кызыл кандуулукка алдырып же жаштык кылып жашоого эркелеп жатат деп ойлошот, болбосо, тиги адам бул маалда баңги затына көз каранды болуп калган учур болот. Кепчулук учурда бацгизатына адам жарым жылдын ичинде көз каранды болуп калат, кээде эки-уч айдын ичинде, кээде андан да кыска мөөнөттун ичинде көз каранды болуп калышы толук ыктымал. Ошондуктан, мен баңгизатын колдонуп көрөм жана бул нерседен бат эле чыгып кетем деп айтуунун өзу жацылыштык болуп эсептелет.

Мына ушул замандын көйгөйлуу маселесин чечуугө көрулуп жаткан аракеттерди кучөтуп, ар бир өлкө ушул маселеге тереӊ маани берип, мамлекеттер аралык бирдиктуу иштер бекемделип, баңги заттарынын туралуу жолдорун катуу контролдоп, жөнгө салып, эл аралык жана улуттук тушундурмө иштерин кучөтуп, баңгизаттарына байланышкан сабактарды мектеп жана ЖОЖдордун программаларына киргизуу жолдору менен элге туура жана так маалымат жеткирилсе, мындан тышкары ушул маселеге ар бир мамлекет ез алдынча жана башка өлкөлөр менен бирдиктуу иш алып барып, тереӊ маани беришсе иш ийгиликтуу болот деген тереӊ умуттөбуз.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ:


1. Ногойбаев Б. Б. Основы наркобезопасности современного общества. Бишкек. 2012. - Б. 10.
2. Зеличенко А. «Опиумная война: мы в центре» / «Слово Кыргызстана». Бишкек. 1997. Б. 45-47

3. Ногойбаев Б. Б. Наркоситуация: анализ, диогноз, прогноз. Бишкек. 2010. Б. 13.
4. Айдарбекова Ч.А., Бейшембиев Э.Ж. Русско-кыргызский толковый словарь юридических терминов и понятий. Бишкек.2006.Б.434.
5. Комментарий к Уголовному кодексу Кыргызской Республики.Бишкек.2003.Б.356

**ИНТЕРНЕТ САЙТТАР:**

1. Диссертация жана авторефераттар илимий китепканасы disserCat
http://www.dissercat.com/content/razvitie-zakonodatelstva-kyrgyzskoi- respubliki-v-sovremennykh-usloviyakh#ixzz2SfbIMsVE.
http://www.allbest.ru. Баңгизаттын башталышы, келип чыгышы жана мүнөздөмөсү.
http:// www.pravo.vuzlib.org/book_z1290. Сборник юридических терминов.